DosTek group

Кыргызстан, г. Бишкек,
ул. Коенкозова, 8
e-mail: office@dostek.kg
www.dostek.kg
+ 996 312 960 360 + 996 776 960 360
+ 996 706 960 360 + 996 558 960 360

**Рутокен плагинин орнотуу боюнча**
# КОЛДОНМО

Рутокенди колдонууда СОчИ системасы туура иштеши үчүн, төмөнкү шарттарды сактоо керек:


- Google Chrome (сунушталат), Mozilla FireFox же Opera браузеринин акыркы версиясын колдонуу.
- Орнотулган Рутокен плагини.

## Рутокен плагинин орнотуу


www.dostek.kg сайтынан «КБ» бөлумүнө өтүңүз. «Рутокен плагин» шилтемесин басып, Рутокен плагинин жүктөңүз.

Жүктөлгөн тиркемени иштетүү үчүн «Запустить» баскычыг басыңыз (1-сүрөт) (бул иш-аракет үчүн сизде компьютериңиздин Администратор укугу болушу керек).

Андан соң «Далее» баскычын басыңыз (2-сүрөт).





*1-сүрөт*





*2-сүрөт*

Системанын компоненттери текшерилгенден кийин, тиркемени орнотуу сунушталат.. «Установить» (Орнотуу) баскычын басыңыз (3-сүрөт).

Орнотуунун аякташын күтүңүз (4-сүрөт).





*3-сүрөт*




*4-сүрөт*


Орнотуу ийгиликтүү аяктагандан кийин, «Готово» баскычын басыңыз (5-сүрөт).




*5-сүрөт*

Плагинди толук орнотууга 1 өтө маанилүү кадам калды – кеңейтүүнү кошуу. Мониторлун жогорку оң бурчунда жаңы терезе пайда болот (6-сүрөт). Андагы ***«Включить расширение»***.баскычын басыңыз.


Эми плагин ортотулуп, компьютериңиз Рутокен менен иштөөгө даяр.





*6-сүрөт*

**Бирок!** Терезенин пайда болгонун байкабай, «Включить расширение» баскычын баспай калсаңыз, кеңейтүүнү башка жол менен кошуу керек:

Браузердин терезесинин жогорку оң бурчундагы 3 чекит бегисин басыңыз (сүрөттө багыттооч менен белгиленген), андан соң Дополнительные инструменты, анан Расширения саптарын андаңыз (7-сүрөт).



Ачылган терезеден «Адаптер Рутокен плагин» дегенди таап, бурчундагы баскычты жылдырып, иштетиңиз. Баскычтын өңү боздон көк түскө алмашышы керек (8-сүрөт).




*8-сүрөт*


**Рутокен драйверин орнотуу**

(Рутокенде сакталган маалыматты башкаруу үчүн колдонулат, б.а. «Колдонуучу» же «Администратордун» ПИН-кодун алмаштырууга. Эгер анын зарылдыгы болбосо, бул программалык камсыздоону орнотуунун КЕРЕГИ ЖОК).


[www.dostek.kg](http://www.dostek.kg) сайтнын «КБ» бөлүмүнө өтүп, «Драйвер Рутокен 64 bit» шилтемесин басыңыз.

Жүктөлгөн тиркемени «Запустить» баскычы аркылуу иштетиңиз (9-сүрөт) (бул иш-аракет үчүн сизде компьютериңиздин Администратор укугу болушу керек).

Андан кийин «Далее» баскычын басыңыз (10-сүрөт).





*9-сүрөт*





*10-сүрөт*

Системанын компоненттери текшерилгенден кийин, тиркемени орнотуу сунушталат. «Установить» (Орнотуу) баскычын басыңыз (11-сүрөт).

Орнотуунун аяктышын күтүңүз (12-сүрөт).





*11-сүрөт*




*12-сүрөт*

DosTek group
Кыргызстан, г. Бишкек,
ул. Коенкозова, 8
e-mail: office@dostek.kg
www.dostek.kg
+ 996 312 960 360 + 996 776 960 360
+ 996 706 960 360 + 996 558 960 360

Орнотуу ийгиликтүү аяктагандан кийин, «Готово» баскычын басыңыз (13-сүрөт).




*13-сүрөт*

СОчИ системасында иштеп баштоонун алдында, «СОчИ системасына Рутокен аркылуу кирүү» колдонмосу менен таанышууну сунуштайбыз.

**Көңүл бурганыңызга рахмат!**